КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ
МЕКЕМЕ * УЧРЕЖДЕНИЕ
КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ИНН 00703200310357
№ 250
"10" 06 2013 г.
г. БИШКЕК ш.

# Кыргыз билим берүү академиясы

## Окумуштуулар кеңеши
## №5 жыйындын протоколунан
## КӨЧҮРМӨ

2013-жыл, 31-май

**Күн тартибинде:**

5. **Диссертациялык темаларды бекитүү.**

**5.2.** Изденүүчү Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын 13.00.02.-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин «Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)» деген темасын кайра бекитүү.

**Угулду:** Мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысы, п.и.д., профессор С.К.Рысбаевдин билдирүүсү. Ал төмөнкүлөргө токтолду:

З.К.Самудинова 1996-ж. Кыргыз билим берүү институтунун аспирантура бөлүмүнө кабыл алынып (пр. №16 от 11.11.96), 1997-ж. мартта илимий темасы жана илимий жетекчиси Окумуштуулар кеңешинде бекиген (темасын жана илимий жетекчисин Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунуштоо тууралуу лабораториянын чечими бар).

Изилдөөлөрүн жыйынтыктап, жумушту диссертациялык кеңешке тапшырарда Окумуштуулар кеңешинин чечими табылбай калган. Бишкек шаардык архивден аспирантурага кабыл алуу, илимий жетекчисин бекитүү жана аспирантураны 2000-жылы аяктагандыгына байланыштуу аспирантура бөлүмүнөн чыгаруу тууралуу буйруктар табылган (архивдик справкалар тиркелет).

Ошого байланыштуу, бул маселени ушул жумада лабораторияда талкууланып, З.К.Самудинованын "Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү" (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында) деген темасы азыркы учурда да актуалдуулугун жоготпогон электигин эске алып, анын темасы менен илимий жетекчисин кайра бекитүү жагы сунушталды.

Окумуштуулар кеңеши теманын чынында эле актуалдуулугун жана лабораториянын чечимин колдоого боло тургандыгын белгиледи.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Самудинова Зарипа Кумарбаевнанын 13.00.02 - окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин **«Башталгыч класстардын окуучуларынын кыргызча кебин дидактикалык оюндар аркылуу өстүрүү (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин мисалында)»** деген темасы бекитилсин.
2. Илимий жетекчи катары филология илимдеринин кандидаты, доцент А.Т.Алымова бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**КББАнын Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, п.и.д., профессор: А.М.Мамытов**

**Окумуштуу катчы, п.и.к.: Б.Б.Мурзаибраимова**